Иш № УД 94/22-06
ОКУМ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН

2022-жылдын 02-марты Ош шары
Ош шаардык соту
курамында
- торагалык кылуучу судья И.К.М.
- соттук отурумдун катчысыА.К.
- мамлекеттик айыптоочуЖ.Ж.
- жактоочу Д.С.
катышуулары менен ачык соттук отурумда К.З.Ж..... № 03-041-2021-001786 сандуу жазык иши каралды. Ал иш боюнча:

К.З.Ж....., 1981-жылдын 04-апрель куну Жалал-Абад облусунун, Чаткал районунун, Айгыр айылында туулган, улуту кыргыз, Кыргыз Республикасынын жараны, билими орто, уй-булолук абалы уй-бололуу 3 баланын атасы, убактылуу эч жерде иштебеген, Ош шаарынын, Осконалиев кочосунун № жок уйунун тургуну, мурда соттолгон эмес, богот коюу чарасы 2021-жылдын 10-октябрынан баштап камак туру тандалган, К.Р.Ж. Кодексинин (2017-жылдын 2-февралындагы ред.) 39-130-беренесинин 1-болуму менен айыпталат, айыптоо актысынын кочурмосун алган.

Сот, айыпкердин, жабырлануучунун, куболордун корсотмолорун, тараптардын жарыш создорун, айыпкердин акыркы созун угуп, иштин ичиндеги материалдарды изилдеп чыгып, томондогулорду аныкталды, деп

Т А Б А Т:

Тергоо тарабынан К.З.Ж..... томонку кылмышты жасаган деп айыпталат, т.а. ал 2021-жылдын 10-октябрында, болжол менен саат 13:40 чамасында, Ош шаарынын У.С. кочосундо жайгашкан №48“Б”-уйунун №46-батирине кочодон кирип келип, жарандык жубайы Т.Д. менен оз ара пикир келишпестиктен улам айтышып уруша кетишкен. Ошол учурда, кийип турган спорттук кийиминин ички чонтогуно алдын ала салып келген ашкана бычагы менен башка кишинин омурун кыюу максатында, жарандык жубайы Д.Т. бир нече жолу омуруно маанилуу алып келген органдарына б.а. кокуроктун он жарымына, ич кондойунун ички кокурогуно, сол бутунун тизесине жана он далына бычак сайып жиберген. Н.Т.Д. денесинен алган жараатынан улам, Ош облустар аралык ооруканасынын жандандыруу болумуно жеткирилип, ага оз учурунда корсотулгон медициналык жардамдын натыйжасында тируу калган.
Натыйжада дайындалган соттук-медициналык экспертизанын 2021-жылдын 25-октябрындагы №1757 сандуу корутундусуна ылайык Т.Д. ден-соолукка оор зыян алгандыгы аныкталган.

Соттук отурумда айыпкер К.З. угузулган айып боюнча куноосун мойнуна жарым-жартылай алып сотко томондогуну корсотту: Д.Т. анын жарандык никедеги жубайы болоорун. Ал экоо чогуу жашап журушконун. Д.Т.нын боюнда болуп, бирок ал кенешпей туруп баланы алдырып, андан кийин эжесинин уйуно кетип калганын. 2021-жылдын 10-октябрында Д.Т.нын эжесинин уйуно барып, аны чакырып, баланы алдырып салганына ачуусу келип экоо уруша кетип, ага ачуу кезинде бычак сайып анын ден соолугуна оор жараат келтирип койгонун. Бирок аны олтуройун деген оюу болбогонун, бычакты болсо автоунаа ондоп жатып, чонтогуно салып келе бергенин. Анын биринчи аялынан 3 баласы бардыгын, анын экоо жашы жете элек балдар экенин, ал эми 90 чыккан ата-энеси бардыгын. Аларды башка карай турган адам болбогонун. Ошондуктан ал аялын уйуно кайра алып келгени барганын. Бугунку кундо жабырлануучуга келтирилген зыянды толоп бергенин анын карамагында жашы жете

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

элек балдары жана карыган ата-энеси бардыгын эске алып ага карата камакка байланышпаган женил жаза берууну сурайт.

Соттук отурумда жабырлануучу Т.Д. сотко томондогуну корсотту: Ал айыпталуучу экоо 2020-жылдын декабрь айынан бери чогуу жарандык никеде жашашканын. Анын боюнда болгондо ден соолугуна байланыштуу боюнан алдырганын. Айыпталуучу ага жини келип ошодон уруш чыкканын. 2021-жылдын октябрь айында ал ХБК районундагы эжесинин уйуно барганын. Ошол куну З.К. ага телефон чалып жолугайлы Бишкеке кетем дегенин. Ал макул болуп подьезде жолугушканын. Экоо суйлошуп турушуп, боюнан алдыргандыгынан уруш чыгып урушуп кетишкенин. Ошол учурда З.К. анын кокурогуно жана ичине бычак сайып салганын, ал озуно келген учурда ооруканада жаткандыгын. Себеби анын ден соолугуна оор жараат келгенин. Азыркы учурда айыпталуучуга доосу жоктугун, экоо жарашып алышканын, айыпталуучу кечирим сурап, ага келтирилген материалдык зыян толонгонун. З.К.дун жашы жете элек балдары жана карыган ата-энеси бардыгын эске алып кылмыш ишти кыскартып берууну сурайт.

Соттук отурумда жабырлануучун мыйзамдуу окулу А.М., бугунку кундо айыпталуучу менен жабырлануучу оз-ара тынышуу келишимге келип жарашып алганын, алардын З.К. эч кандай доосу жоктугун айтып, жабырлануучу Т.Д., жазган тосмо арызын колодоорун билдирди.

Соттук отурумда кубо Н.Б. сотко томондогуну корсотту: Ал жабырлануучу Д.Т.нын апасы болоорун. З.К. менен Д.Т. жарандык никеде жашашаарын. 2021-жылдын 10-октябрында кызы ХБК районуна келгендиктен саат 12:00 чамасында З.К. келгендигин, кызы суйлошуп келгени чыгып кеткенин. Андан кийин кызы катуу кыйкырып жибергенин. Алар чыкса кызына бычак сайып койгонун, алар тез жардам чакырып ооруканага алып кетишкенин. Азыркы учурда анын кызы тируу калгандыктан айыпталуучуга алардын доолору жоктугун корсотту.

Сот, соттук иликтоодо аныкталган жагдайларды жана иштин материалдарын изилдеп чыгып томондогу жыйынтыкка келет:

Тергоо тарабынан З.К. 2017-жылдын 2-февралындагы К.Р.Ж. Кодексинин 39-130-беренесинин 1-болумундо каралган кылмыш ишин жасаган деп айыбы угузулган. Кылмыштын квалификациялык белгиси болуп: Адам ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн тиешелүү беренесинде каралган кылмыш жасоого түздөн-түз багытталган жосунду (аракетти же аракетсиздикти), эгерде мында кылмышты анын эркине баш ийбеген себептер боюнча аягына чейин чыгарбай киши олтуруу - башка кишинин омурун кыюу болуп саналат.

К.Р.К.-Жаза процессуалдык кодексинин 289-бер. ылайык:

1. Ишти соттук териштирүүдо бардык далилдер тикелей иликтенууго жатат. Сот айыпталуучунун, жабырлануучунун, куболордун корсотмолорун, эксперттин корутундусун угат, буюмдук далилдерди карап чыгат, протоколдорду жана башка документтерди жарыя кылат, далилдерди иликтоо боюнча башка соттук аракеттерди жургузот.

2. Соттун окуму соттук отурумда иликтоого алынган же болбосо далилдерди депонирлоонун натыйжасында алынган далилдерге гана негизделиши мумкун.

Ал эми соттук отурумда иликтоого алынган жана аныкталган жагдайлар боюнча, айыпталуучу “Д.Т. анын жарандык никедеги жубайы болоорун. Ал экоо чогуу жашап журушконун. Д.Т.нын боюнда болуп, бирок ал кенешпей туруп баланы алдырып, андан кийин эжесинин уйуно кетип калганын. 2021-жылдын 10-октябрында Д.Т.нын эжесинин уйуно барып, аны чакырып, баланы алдырып салганына ачуусу келип. Анын ден соолугуна оор жараат келтирип койгонун. Бирок аны олтуройун деген оюу болбогонун. Ал ачууга алдырып, ага бычак сайып койгонун. Анын биринчи аялынан 3

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

баласы бардыгын анын экоо жашы жете элек балдар экенин ал эми 90 чыккан ата-энеси бардыгын. Аларды башка карай турган адам болбогонун. Ошондуктан ал уйуно кайра алып келгени барганын” корсотот. Ал эми жабырлануучу Д.Т. оз корсотмосундо “Анын боюнда болгондо ден соолугуна байланыштуу боюнан алдырганын. Айыпталуучу ага жини келип ошодон уруш чыкканын. 2021-жылдын октябрь айында ал ХБК районундагы эжесинин уйуно барганын. Ошол куну З.К. ага телефон чалып жолугайлы Бишкеке кетем дегенин. Ал макул болуп подьезде жолугушканын. Экоо суйлошуп турушуп, боюнан алдыргандыгынан уруш чыгып урушуп кетишкенин. Ошол учурда З.К. анын кокурогуно жана ичине бычак сайып салганын, ал озуно келген учурда ооруканада жаткандыгын. Себеби анын ден соолугуна оор жараат келген” деген корсотмо беришкен.

Ошондой эле дайындалган соттук-медициналык экспертизанын 2021-жылдын 25-октябрындагы №1757 сандуу корутундусуна ылайык Т.Д. ден-соолукка оор зыян алгандыгы аныкталган.

Бул жагдайда айыпталуучу З.К. жабырлануучу Д.Т. олтуруу ниети жок болгон, андай ниети бар болсо анын ал кылмыштуу аракетин ашырууга толук мумкунчулугу болгон жана анын эркине баш ийбеген себептер жок болгон деп сот эсептейт. Бирок, ошол эле учурда ал, зыян келтируу убагында омурго коркунучтуу болгон денеге залал келтируу турундогу ден соолукка оор залал келтируу жасаган деп эспетейт жана аталган жагдай соттук отурумда аныкталды деп сот эсептейт. Ошондуктан К.З.Ж.....ге алдын ала сотко чейинки ондуруш боюнча (2017-жылдын 2-февралындагы редакциядагы) К.Р.Ж. Кодексинин 39-130-бер. 1-болуму менен угузулган айыбы К.Р.К.-Жаза кодексинин 130-беренесинин 1-болуму менен жиктоону, сот туура деп эсептейт.

Кылмыштын квалификациялык белгилери болуп зыян келтируу убагында омурго коркунучтуу болгон денеге залал келтируу турундогу ден соолукка оор залал келтируу же коруу, суйлоо, угуу же кайсы бир органын жоготууга, же болбосо органдын аткаруучу функцияларын жоготууга алып келген ден соолукка залал келтируу, эмгекке жондомдуулугун кеминде учтон бирин туруктуу жоготууга, же болбосо билип туруп кесиптик эмгекке жондомдуулугун толук жоготуу менен байланышкан психикалык ооруга же ден соолугунун башка бузулуусуна алып келуу же болбосо адамдын бетине кетпес так салуу болуп саналат.

Айыпталуучу К.З.Ж..... К.Р.К.-Жаза Кодексинин 130 бер.1-болуму боюнча кылмыштуу аракеттери, соттук отурумдагы айыпталуучунун, жабырлануучу жана куболордун корсотмолорунон сырткары, КЖ. каттоо (и.б. 1-3), окуя болгон жерди кароо протоколу (и.б.11-14), фотосуроттор (и.б. 15-23, 38-41, 123-126), тинтуу протоколу (и.б. 46-47), С. корутундусу (и.б. 97-100, 120-126), буюм далилдерин ишке тиркоо токтому (и.б. 147-148) беттештируу протоколу (и.б.166-167) жана иштин ичинде топтолгон башка материалдары менен толук далилденет деп эсептейт.

Ал эми З.К. тарабынан жасалган кылмыш К.Р.К.-Жаза Кодексинин 19-бер. 2-бол. 3-п. ылайык оор кылмыштар туруно кирет.

К.Р.К.-Жаза кодексинин 82-бер. 1-бол. ылайык сот анчалык оор эмес жана (же) оор кылмыштар учун эркиндигинен ажыратуу турундо жазаны дайындоодо, куноолуунун ким экендигин, анын пробациялык козомолду колдонууга берген макулдугун, ошондой эле иштин башка жагдайларын эске алуу менен, соттолгон адамды жаза отобостон тузотуу мумкун экендиги жонундо тыянакка келсе, кылмыш-жаза-укуктук таасир этуунун мажбурлоочу-кубаттоочу чарасы болуп эсептелген пробациялык козомолду (пробацияны) колдонуу аркылуу аны жаза отоодон бошотуу жонундо чечим кабыл алышы мумкун.

Сот, бул жагдайларда К.З.Ж..... жасаган кылмыш иши анчалык оор эмес кылмыштар туруно кирээрин, ал жасаган кылмыш ишине окунуп кечирим сурап

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

жатканын, анын карамагында 2 жашы жете элек балдары жана карыган ата-энеси бардыгын эске алып, анын тузолуп жана онолуу жолуна тушот, башка кылмыш жасоого барбайт деген ойдо ага ишенич корсотуп, ага соссуз турдо жазык-укуктук таасирин тийгизуну б.а. эркиндигинен ажыратуу жазасын белгиллону туура корбойт жана ага карата К.Р.К.-Жаза кодексинин 82-бер. 1-бол. негизинде пробациялык козомолду (пробацияны) колдонуу аркылуу аны жаза отоодон бошотуу жонундо чечим кабыл алууну туура корот.

Себеби, Кыргыз Республикасынын К. 9-бер. 1,2-болумдоруно ылайык ушул Кодекс эӊ жогорку социалдык баалуулуктар катары инсанды, анын омурун жана ден соолугун, ар-намысын жана кадыр-баркын, кол тийбестигин жана коопсуздугун коргоону камсыз кылат.

Кылмыш жасаган адамга сот тузотуу, кайра социалдаштыруу жана жаӊы кылмыштарды жасашын алдын алуу максатында, ошондой эле социалдык адилеттуулукту калыбына келтируу максатында зарыл жана жетиштуу жазаны дайындайт. Жаза жана кылмыш-жаза-укуктук таасир этуунун башка чаралары дене бойго зыян алып келбеши же адамдын кадыр-баркын кемсинтпеши керек.

К.Р.К.-Жаза процессуалдык кодексинин 359-бер. талабына ылайык, К.З.Ж.....ке жазадан пробациялык козомолду колдонуу менен жазадан бошотулуп жаткандыгына байланыштуу, аны сот залынан камактан бошотуп, токтом мыйзамдуу кучуно киргенге чейин уй-камак турундогу богот коюу чарасын колдонууну туура деп табат.

Иш бонча келтирилген материалдык жана моралдык зыянды ондуруу жонундогу арызды кароодо, сот жабырлануучунун айыпталуучуга карата берген тосмо арызын эске алуу менен бирге аны кароосуз калтырууну туура табат, себеби ал тосмо арызында, анын айыпталуучуга карата доосу жоктугу корунот.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын К. 82-бер. К.Р.К.-Жаза процессуалдык Кодексинин 344-349, 351-354, 358, 397, 400, 401 беренелерин жетекчиликке алып, сот

О К У М К Ы Л А Т:

К.З.Ж..... К.Р.К.-Жаза кодексинин 130-беренесинин 1-болуму менен куноолу деп табылып, ал боюнча 5 (беш) жылга эркиндигинен ажыратылсын.

К.Р.К.-Жаза кодексинин 82-бер. негизинде К.З.Ж.....ге 3 (уч) жылдык моонотко пробациялык козомол (пробация) колдонулуп, ал жаза отоодон бошотулсун.

Окум мыйзамдуу кучуно кирген учурдан тартып он кундун ичинде жашаган жери боюнча пробация органына келуу, олконун чегинен чыкпоо, пробация органына жашаган жери, иши же окуусу жонундо, ошондой эле алар озгоргондугу тууралуу кабарлоо, каттоо жана профилактикалык маектешууго катышуу учун айына эки жолу пробация органдарына келуу талаптарды аткаруу жуктолсун.

Ага кошумча милдеттер катары  пробация органы тарабынан дайындалган кайра социалдаштыруу программаларына катышуусу жана багуусунда турган адамдарды багуусу жуктолсун.

Пробациялык мооноту откондон кийин козомолдук талаптарды жана жуктолгон милдеттерди аткарып жана жаны кылмышты жасабаса соттолгон жазаны отогон деп эсептелинсин.

К.З.Ж.....дин богот коюу чарасы озгортулуп, ал сот залынан камактан бошотулсун жана окум мыйзамдуу кучуно киргенге чейин ага карата богот коюу чарасы катары уй-камак туру тандалсын. Окум мыйзамдуу кучуно киргенден кийин богот коюу чарасы алынып салынсын.

Ал К.Р.К.-Жаза процессуалдык кодексинин 113-беренесинин талаптарына ылайык, Ош шаарынын,Осконалиев кочосунун №5”А”-уйунон тунку саат 22ден эрте менен саат 6га чейин эч жакка чыкпоого, сот органдарынын чакыруусу менен оз убагында келип

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

турууга, соттун уруксатысыз Ош облусунун административдик аймактын чегинен чыкпоого милдеттендирилсин.

К.З.Ж.....ге коюлган чектоолорду козомолдоо Ош шаардык ички иштер башкармалыгына жуктолсун.

Окум мыйзамдуу кучуно киргенден кийин буюм далилдер: 1 даана кызыл тустогу шым, 1 даана ак тустогу джемпир, 1 даана кара-ак тустогу кофта, 1 даана боз тустогу майка, 1 даана ак тустогу кан тактары менен лифчик жана 1 даана аш бычак тийиштуу турдо жок кылынсын.

Окумго наараазы тарап 30 сутка ичинде Ош шаардык соту аркылуу апелляциялык тартипте Ош областык сотуна даттанууга акылуу.

Торагалык кылуучу: (колу)И.К. М.
кочурмосу туура:

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда